КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ӨЗГӨН РАЙОНУ
САЛАМ-АЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
УЗГЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САЛАМ-АЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

2026-жылдын 9-апрели **№12** **Салам-Алик айылы**

Салам-Алик айылындагы айыл чарба багытындагы жерди өнөр жай багытындагы жер тилкесине трансформациялоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 11-беренесин жетекчиликке алып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Терек айылындагы Кудук участкасындагы №1282 контурундагы 0,20 га, жана №1289 контурундагы 0,08га жер тилкесин трансформациялоого (бир категориядан экинчи категорияга) которуу жөнүндө Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер жана жерге жайгаштыруу боюнча башкы адисинин милдетин убактылуу аткаруучу Ж.Нуралиевдин маалыматына ылайык Салам-Алик айылдык кеңеши **токтом кылат.**

1.Салам-Алик айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Ак-Терек айылындагы Кудук участкасындагы №1282 контурундагы 0,20га, №1289 контурундагы жерден 0,08га жер тилкесин “Жайыт жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу үчүн трансформациялоого макулдук берилсин.

2. Бөлүнүп берилген өнөр жай багытындагы №1282 контурундагы 0,20га, №1289 контурундагы 0,08га жер аянты муниципалдык жери катары Салам-Алик айыл өкмөтүнүн балансына алынсын.

3.Бул токтомдон келип чыккан маселелерди аткарууга алып, мыйзам талабына ылайык келтирүү жагы Салам-Алик айыл өкмөтүнүн жер, турак-жай, комуналдык менчиктери жана жерге жайгаштыруу боюнча башкы адисинин убактылуу милдетин аткаруучу Ж.Нуралиевке тапшырылсын.

4. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Салам-Алик айылдык кеңешинин айыл-суу, мал чарба, жер, токой, экология, өнөр жай, курулуш, өзгөчө кырдаал, тоо кен, маалымат, транспорт, байланыш жана энергетика тармактары боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Чолпонбай уулу Сагындык**